# Сөөлжанды ким дарылайт?



Автор: Гүлдана Баргыбай

Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

# Сөөлжанды ким дарылайт?

Автор: Гүлдана Баргыбай
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Сөөлжанды ким дарылайт?" (кыргыз тилинде), автор Гүлдана Баргыбай, сүрөтчү Светлана Насынбатова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Жаан жаап басылды. Алтынай менен Мурат топ ойноп жатышты. Мурат топту катуу тепти эле, топ бакчага кирип кетти. «Бакчада курт-кумурскалар көп жашайт. Аларды тебелебей жүргүлө», – деп дайыма апалары эскертишет. Балдар курт-кумурска тебелеп албаш үчүн, таштан-ташка секирип, топтун жанына барышты. Мурат топту өйдө көтөрдү. Топ турган жерде бир сөөлжан жатыптыр. Сөөлжан эч кыймылдаган жок.




– Ай-иий! Сөөлжанды топ басып калып, анын эси ооп калган го, – деди Алтынай.

Алтынай сөөлжанды акырын кармап, алаканына салды.

Мурат жерде жаткан жалбырактан бирди алып, сөөлжанды жапты.

– Эми эмне кылабыз? Айыгабы? – деп Алтынай сурады.

– Аны тезинен дарыгерге алып баралы. Албетте айыгат, – деп Мурат чечкиндүү сүйлөдү.





Алар клиниканы көздөй чуркап баратышты. Сөөлжан Алтынайдын алаканында кыймылсыз жатты. Алардын алдынан мугалими чыгып калды.

– Силер шашып каякка бара жатасыңар? – деп сурады.

–Эжей, сөөлжанга топ катуу тийип кеткен окшойт. Эс-учун жоготуп койду. Дарыгерге көргөзгөнү баратабыз, – деди Алтынай алаканындагы сөөлжанды көрсөтүп.

– Алгач сөөлжанга биринчи жардам көрсөтөлү, – деди эжей.


Ал сумкасынан кагаз менен желим бөтөлкөдөгү сууну алып чыкты. Кагазга борпоң топуракты толтуруп салды.


– Алтынай, сөөлжанды топурактын үстүнө этияттап сал. Анан суудан сээп кой, – деди. Суу сепкенден кийин, сөөлжан акырын кыймылдап, кагазда үйүлгөн топурактын ичине кирип кетти. Балдар кубанып кетишти.

– Сөөлжанды эми дарыгерге алып баралыбы? – деди Мурат.

Алтынай башын ийкеди.

Достор, Алтынай менен Мурат сөөлжанды кайсы дарыгерге алып барат деп ойлойсуңар?





USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Гүлдана Баргыбай
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- **3.2 деңгээли**

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли